# Администрациянын баалоосу

Мектепте 25 мугалим өз предметтери боюнча окуучуларга билим берип эмгектенишет. Ар бир мугалим базистик окуу планы боюнча бөлүнгөн сааттарга календардык план түзүп, стандарттуу күнүмдүк окуу планы менен техникалык көрсөтмөлүү сабактарды кызыктуу өтүшөт.

Насаатчы мугалимдер жаш мугалимдерге тажрыйбасын үйрөтүшөт.

Мугалимдер өз билимин өркүндөтүү үстүндө изденүү менен эмгектенишет жана ар кандай конкурстарга катышып, окуучуларды олимпиаданын райондук, областык туруна чейин жеткиришип,билим берүүдө мектептин ийгилигин жаратышууда.